КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНИН

# ЖАРЛЫГЫ

# УКАЗ

ПРЕЗИДЕНТА КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

## Кыргыз Республикасынын Статистика боюнча кеңеши жөнүндө

Улуттук статистика системасынын натыйжалуу иштешин, анын ишинин ачык-айкындуулугун камсыз кылуу максатында, «Расмий статистика жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 10-беренесине ылайык, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 71-беренесин жетекчиликке алып, **токтом кылам:**

1. Төмөнкүлөр бекитилсин:

1) Кыргыз Республикасынын Статистика боюнча кеңеши жөнүндө жобо 1-тиркемеге ылайык;

2) Кыргыз Республикасынын Статистика боюнча кеңешинин курамы 2-тиркемеге ылайык.

2. Төмөнкүлөр күчүн жоготту деп таанылсын:

1) Кыргыз Республикасынын Президентинин 2014-жылдын 7-мартындагы № 54 «Кыргыз Республикасынын Статистика боюнча кеңеши жөнүндө» Жарлыгы;

2) Кыргыз Республикасынын Президентинин 2016-жылдын 8-февралындагы № 28 «Кыргыз Республикасынын Президентинин 2014-жылдын 7-мартындагы «Кыргыз Республикасынын Статистика боюнча кеңеши жөнүндө» Жарлыгына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу» Жарлыгы;

3) Кыргыз Республикасынын Президентинин 2016-жылдын 18-августундагы № 185 «Кыргыз Республикасынын Президентинин 2014-жылдын 7-мартындагы «Кыргыз Республикасынын Статистика боюнча кеңеши жөнүндө» Жарлыгына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу» Жарлыгы.

3. Бул Жарлык расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын
Президенти** **С.Н. Жапаров**

Бишкек ш.
2022-жылдын 11-майы, ПЖ № 149

003111 *